I. ОБЩЕСТВЕННО-ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ

ПЕДАГОГИКА

УДК: 37.013
DOI: 10.35254/bhu/16948130_2021_55_3

Алыбаева Ж.,
Бишкекский государственный университет им. К.Карасаева, преподаватель

ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМИН ТЕКШЕРҮҮНҮН ЖАНА БААЛООНУН ФОРМАСЫ

Кыскача мазмуну

Бул макалада педагогикалык жогорку окуу жайлалардагы студенттердин билимге болгон көз карашы жана кесипти туура тандоо, ошондой эле заманбап жабдуулар менен сабактын жүрүшү техниканын жетишкендиги туралуу, студенттин алып жүрүү укуктары камтылат. Студенттердин милдеттери мугалимге колдоо көргөсүүсү. Жогорку билимге даярдоо, кесиптик билим берүүнүн сапатын көтөрүү, кесипттик баалуулуктарды үзгүлтүксүз өстүрүп — өнүгүнүн негизги жолу. Педагогикалык процесстер студент менен мугалимдин өз ара байланыштары ошондой эле кесипке даярдоо, педогогторду методорунун негизинде окутуу процесстери камтыйт. Студенттердин укуктары да каралган алардын жүрүм туруму, студенттердин милдеттери. Ошону менен бирге модуль боюнча түшүндүрмө, семинар сабактары жөнүндө камтылган, техниканын өнүгүү жолу да кирет. Бүгүнкү учурдун талабына жоопберетурган билимдери каралды.

Түйүндүү сөздөр: *Кесиптик билим берүү, педагогикалык процесс, стратегия, лекция, психологиялык-педагогикалык блок, студенттин таанып- билүүсү, студенттин милдеттери, зачеттук китепче, модул, курстук иш.*

ФОРМА ПРОВЕРКИ И ОЦЕНКИ ЗНАНИЙ СТУДЕНТОВ В ПЕДАГОГИЧЕСКОМ ВУЗЕ

Аннотация

В статье рассказывается об отношении студентов педагогических вузов к образованию и правильному выбору профессии. А также рассматривается ход урока с использованием современных технических средств. В педагогическом процессе содержатся взаимоотношения студентов и преподавателей, также подготовка к профессии, и обучение с помощью педагогических методов. Рассматриваются также права и обязанности студентов и содержатся объяснения к модулям, семинарам с применением новых технологий. Подготовка к высшему образованию, повышение качества профессионального образования - главный способ непрерывного развития профессиональных ценностей, знаний, отвечающих сегодняшним требованиям.

Ключевые слова: *профессиональное педагогическим процесс стратегия, лекция, психологический-педогогический блок, познание студентов, обязанности студента, зачетная книжка, курсовая работа, дипломная работа, об-разование.*

FORM OF CHECKING AND ASSESSING STUDENTS KNOWLEDGE IN A PEDAGOGICAL UNIVERSITY

Abstract

In this article we will talk about students in pedagogical institions atout their opinion and how to choose right profession. And about new modern technologis and will also cover students rights. As well as students responsibilities and support teachers. And prepare students how to get high education. And the way hot to continuously elevate professionalism. The pedagogical process contais the relationship between students and teachers, as well as preparation for a profession, and teaching using pedagogical methods. The rights and obligations of students are also considered. And provides an explanation for modules, workshops and technology development. And in this article also covered about professions that we need in these days.

Keywords: *vocational, education, pedagogical processes, student cognition, student responsibilies, strategies, lecture, record books, modul, course work, thesis.*

Педагогика эң байыркы илимдердин бири. Ал философиянын негизинде пайда болуп, XYII кылымга таандык анын составынан өзүнчө илим катары бөлүнүп чыгышына эмгеги зор англиялык философ. Фрэнсис Бэкон себепкер болгон. Азыркы учурда педагогика илими көп тармактуу илимге айланды. Педагогика илими студентен баштап өспүрүм жаш муундарды тарбиялоо үчүн салымын кошкон илим катары таанымал.

Педагогикалык процесс — студент менен мугалимдин өз ара аракеттенүүсүн атайын уюштуруу процесси. Ал эки тараптуу — бири болсо билим берет (мугалим) ал эми экинчи тарабы болсо бул билим ал (студент) [8.11–12 б].

Азыркы учурда жогорку окуу жайдын билим берүү системасы эволюциялык жол менен көп өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Дал ушундай көп кырдуу процесстерди, анын ичинен азыркы мезгилдеги адам таануу системасында жаңы педагогикалык ойлорду, педагогикасынын методорун негиздерин, окутуу процессине тийиштүү принциптерин, жаңыланган окутуу усулдары ошондой эле каражаттарын жана башка ушул сыяктуу түшүнүктөрдүн мерчемдүү түйүнү — бул жогорку окуу жайдын педагогикасы. Азыркы педагогикада кызматташтыктын эки стратегиясы белгиленген кооперация (биригүү) жана конкуренция (атаандашуу).

Кооперация кызматташтыгы ар бир окуучунун колунан келген салымын жалпы ишке кошуу дегенди билдирет. Иш убагында түзүлгөн мамиле — бирге аракеттенүү, бир-бирине жардам берүү колдоо, ишендирүү.

Конкуренция кызматташтыгы эрегишүү, приорететке ээ болуу үчүн жүргүзгөн иштер. Атандашуунун оң жагы жакшы ийгиликтерге жетиштүү, дагы да көбүрөөк иштеп жеңиштерге ээ болуу. Ал эми терс жагы эрегишүү, чыр-чатака айланып, кемсинтүү, урушууга чейин алып барат. Ошондуктан педагогикалык бирге аракеттенүү стратегиясы (иштөөсү) ушул айтылган экөөнө таянып студент менен мугалимдин ортосундагы жетишкендиктер жана кемчиликтер болуп бөлүнөт. [8. 22–54б.]

— студентин өнүгүсүнө субъектиси катары мамиле кылуу:

— студент өзүнө ишенип, “мен — реалдуу”, “мен — идеалдуу”? деп өзүнө ишенгенде мугалим колдоо көрсөтүп

— ишендирип, окуу жана башка иштерди аткаруудан коркпой чочулабай иштегенди гана психологиялык статуска ээ болот.

Жогоркуу билимдүү адистерди даярдоо социалдык — экономикалык өнүгүш коомунда ар дайым өзгөчө орунду ээлеп келет. Жогорку билим системасы коомдогу социалдык — экономикалык жана социалдык — маданий өнүгүштүн көрсөткүчү болуп саналат.

Азыркы учурда жогорку окуу жайларда окутуу процессин уюштурууда лекция дээрлик жетектөөчү форма катары таанылган. Анткени окутуу методикасы туура болсо, бардык лекциялык курс рационалдуу өткөрүлсө, лекция илимдин негиздери жөнүндө жалпыланган түрдө билим алуунун кыйла үнөмдүү ыкмасы болуп саналат.

“Лекция” — деген сөз латын тилинен алганда “lectio” — окуу деген сөзүнөн алынган. Бүгүнкү заманбап учурда күндө лекция түшүнүгү илимий материалдык системалуу, ыраттуу берилишин билдирет. Лекция — бул окуу процессинин өзгөчө түзүлүшү. Жогорку окуу жайындагы лекциянын билим берүүдөгү милдети болуп студентти илимге киргизүү, аны илимий билимдердин негиздери менен тааныштыруу эсептелет. Мында студенттер предметтин негизги мазмуну, принциптери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү, илимдин ушул жаатындагы башкы идеялары жана өнүгүү багыттары менен таанышуусу керек. Окуу материалдар логикалык жактан ырааттуулукту жоготпостон, бириктирип, топтолуп берилгендиктен, лекция окуу маалыматын берүүнүн бир кыйла ыңгайлуу ыкмасы болот.

Жогорку окуу жайда дагы лекция жөн гана окуу китепти же башка маалыматтарды айтып берүү болбостон, ал кайсы бир илимдин жаатында окутуучунун илимий — педагогикалык чыгармачылыгы болуп эсептелет. Студенттин таанып-билүү кызыгуусу бекемделгенде гана билим берүү өз максатына жетти деп эсептесе болот. Ошондон улам студент таанып-билүүсү ишмердүүлүгүн бекемдейт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, биринчи курстун көпчүлүк бөлүгү өздөрүнүн окуу тапшырмаларынын аткаруудагы жакшы көрсөткүчтөрүүнөн аракетчилдигинен байкалат. Бул алардын мектепке салыштырмалуу тапшырмалардын көптүгү, өз алдынча иштөөлөр, өзүн-өзү башкаруу жана убакыттын туура пайдалануу. Кээ бир студентер мындай талаптарды аткара албай калып акырындык менен лекцияларды коё беришип, жетишпей калган учурлар кездешет.

Педагогдун студенттер менен окуу үстүндө баарлашуусу — анын ыкчамдык менен ар кандай шарттарга жараша маек кура алуусун, пикир алышууда максатка ылайык, туура сөздү, сүйлөмдү, мугалимдин жана студенттердин жеке өзгөчөлүгүнө ылайык келген так, адекваттуу маектешүүнүн түрүн тандап алуусун туюнтат, бардык учурда аудиториядагы кайра кайтарылган байланышты сезет жана колдойт.

Жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын педагогикалык чеберчилиги өз ишине кандайдыр бир деңгээлде психологиялык түзүлүштүн компоненттеринин илимий изилдөөсүн жана ишмердүүлүктү да камтыйт. Ал илимий педагогикалык иштин жалпы продуктусу болуп саналат. ЖОЖдун окутуучуларынын педагогикалык чеберчилигинин деңгээли анын талантына жана ыкмасына байланыштуу болот. Ошондой эле, республикабыздын жогорку окуу жайлары билим берүүнүн болон системасына өтүүгө багыт алуу менен студенттердин өз алдынча ишмердүүлүгүнө басым жасалып жаткан мезгилде, айрыкча элеттик студенттердин эне тилиндеги окууга күчөгөн суроо талабын аз да болсо жеңилдете алдык деп үмүттөнөбүз. Билим берүүнүн мамлекетик стандарттык талабына ылайык болсо да, айрым түйүндүү маселелер улуттук өзгөчөлүктөргө, элдик педагогикага негизделип, жергиликтүү материалдар студенттердин мугалимдик кесипке байланыштуу жазган сочинениелериндеги мисалдар менен жабдылды. Биздин өлкөдө көптөгөн жогорку окуу жайлар бар, анын ичинде түрдүү багыттагы, адистиктеги окуу жайлары республикада бир топ. Ошондуктан студент өзүнө жаккан мүнөзүнө, шыгына жараша кесип тандаган болсо эч убакта жаңылбайт, кызыгусуу да күчөйт.

Адистикти туура тандап алуу — маанилүү жана та-

таал социалдык прцаесс. Бирок арасынан “мен кесипти тандадым, бирок мени кесип тандады” дегендер да жок эмес. Мисал келтирсек, кесиби боюнча мугалим бирок өзү иштеген иши башка тармакта дейли, же болбосо мугалим болууну каалаган эмес элем, тагдыр ушундай болуп калды дегендер да жок эмес. Ошондуктан баланы башынан кайсы тарапка жакын экенин карап туруп туура кесип тандоого үйрөтү биринчи оорунда болуш керек. Баланы эч убакта ата-эне кыйнап тапшыртпашы керек эгер окуучу мектепти орто окуса өзү жактырган адистин ээси болсо өздөштүрүп кетет деп ишеним артыш керек. Ошол учун торт этап менен болоуп карайбыз:

1. Жалпы гуманитардык, табигый жана социалдык экономикалык предметтер окуу планынын 26% түзөт. Анын негизги максаты келечектеги мугалимдин дүйнө танып-билүү көз карашын өнүктүрүү, адистик жана турмуштук жолун туура аныктоого шарт түзүү менен катар мугалимди жалпы адамгерчилик маданиятка, түрдүү тилдер жана искусство дүйнөсүнө аралаштырат.

2. Психологиялык — педагогикалык блок, окуу саатынын 16% түзөт да, мугалимдин педагогикалык мүдөөсүн, аң-сезимин өстүрүүгө, педагогикалык ишмердүүлүгүндө айкын байкалган аналитикалык, проектилик жана рефлексивдик шыктарын өнүктүрүүгө багытталат.

3. Атайын кесиптик же предметтик блок. Окуу саатынын 53% түзүп, жалпы адамзаттык маданияттын бөлүгү жана окуучунун инсандык өнүгүшүнүн каражаты болуп эсептелет. Башкача айтканда адистигине жараша негизги кесиптик билим берүүчү окуу предметтерин өз ичине камтыйт. Мисалы: математика мугалими адистигинде окуган студенттер үчүн математика предметтери, тил адистигинде окуган студенттер үчүн тилге байланышкан предметтер басымдуу орунду ээлейт.

4. Жогорку окуу жайлары адис даярдоого жараша өз алдынча киргизген предметтердин көлөмү 5% жакын болот. [7. 130–132-б,]

Студенттин милдеттери:

а) тандап калган адистиги боюнча системалуу жана терең практикалык, теориялык билимге ээ болууга:

б) окуу планында, программасында каралган бардык тапшырмаларды аткарууга жана сабактарды себепсиз калтырбоого:

в) коомдук, пайдалуу иштерге активдүү катышууга:

г) жогорку окуу жайынын ички эрежелерин сактоого жана талаптарын аткарууга:

д) коомдук, мамилекеттик мүлккө аяр мамиле жасоого: жана башка ушул сыяктуу нерселерди аткарууга милдетүү.

Студенттин укуктарына негизинен төмөнкүлөр кирет:

а) китепкана, окуу залдарынан пайдалануу:

б) ошол өзү окуган жана окуу жайдагы коомдук уюмдарга мүчө боло алат:

в) мамлекеттик документ, эреже жоболордун чегинде башка адистиктерге которулууга окуудан четтетилген учурларда кайрадан калыбына келтирүсүү:

г) түшүнбөгөн бардык суроолор менен окутуучуларга кураторго, деканат жана башка жогорку оргaндарга кайрылуу. Албетте, студенттик турмушта түрдүү кырдаалдар. Түшүнүксүз маселелер өтө эле көп.

Зачеттук китепче. Жогорку жайына жаңыдан кабыл алынган ар бир студентке белгиленген үлгүдөгү зачеттук китепче берилет. Зачеттук китепче бир гана жолук берилип, окуу мөөнөтүнүн аягына чейин студенттин негизги документи катары саналат. Ага ЖОЖдун проректорунун, факультеттин деканын колдору коюлуп, студенттин сүрөтү жабыштырылган жерге окуу жайынын мөөрү басылат.

Зачеттук китепчеге бүткүл окуу жыл аралыгындагы билими тууралуу баалар, зачеттор, өндүрүштүк практикалардын жыйынтыктары, дипломдук жумуштардын жана мамилекеттик аттестациялардын (экзамендердин) баалары коюлуп, экзаменатациялардын баалары коюлат, экзаменаторлордун өз колдору менен тастыкталат. Ошондой эле оңдого тыюу салынат. Эгерде студент тарабынан оңдолсо анда кылмыш катары эсептелет, каттуу жазаланат. Жылына эки жолу зачеттук китепчелерге ревизия жүргүзүлүп, курстан — курска көчкөндүгү тууралуу печать басылып турат.

Окууну аяктаган студент толтурулган зачеттук китепчени деканатка тапшырат, анын негизинде “диплом ыйгарылды” деген жазуу түшүрүлүп, студенттин биринчи курста тапшырган өздүк делосу менен кошо архивде бир топ жыл, керек болсо адам өмүрүнөн узак мөөнөткө чейин сакталат. [4, 15 б.]

Азыркы заманбап техниканын өнүгүп жаткан учурунда ар бир студенти техниканын жардамы менен баасага киргизип текшерүүгө болот. Студенттердин билимин текшерүүдө жумушун алда канча жеңилдетет жана аны алда канча так, объективдүү кылып берет. Жогорку окуу жайлардын студентеринин билимин текшерүү үчүн бир ыкма бул текст колдонулат. Текст студенттин ишмердүүлүгүн жөнүндө конкреттүү жыйынтыктарды берүүчү ыкмалар катары методиканы байыта алат, бирок экзамен алуучу жана студенттин ортосундагы жеке ишмердүүлүктөн чегинде гана. Эң негизгиси студентке теориялык материалдарды кайталоого жана эксперименттерге тактыкты, лабораториялык курал-жарактарды талкалап алуу коркунучунун азаюсун, студенттердин өз иш аракеттеринде болгон ишенимдерин көтөрөт, эксперименттердинжыйынтыктарын иштетүүдө илимий деңгээлди өстүрөт.

Модуль — билимдин тереңделиши жана бекемделиши менен бирге студенттерди текшерүүчү жана тарбиялоочу кызматты аткаруучу окуу иштеринин бир түрү. Ал студенттердин түшүнүгүн жана окуу материалдын негизги мазмунун өздөштүрүүсүн текшерүү максатында оозеки жана жазуу түрүндө болот. Студенттер алдын ала модулда эмне суроолор болоорун билишпейт. Ушуунусу менен ал семинардык сабактан айрымаланып турат.

Модуль — зачеттон айрымаланып, курстун белгилүү бир бөлүмү боюнча гана жүргүзүлөт. Ал эми экзаменден айрымаланып, модулда суроону мугалим өзү даярдайт жана каалаган суроону каалаган студентке берет. Модул — окуу планына жана сабактардын жадыбалына кирет. Модулду өткөрүү кафедра тарабынан пландашылат жана белгиленет.

Систематизацияны күчөтүү жана материалды бекемдөө максатында студенттерге суроону логикалык ырааттуулукта берүү сунуш кылынат. өзгөчө, бул суроожоопту жалпы группа угуп турганда тагыраак айтканда

сүйлөшүү группа менен байланышкан учурунда өтө маанилүү. Модуль жеке студент менен аңгемелешүү формасында деле өткөрүлөт. Кээ бир окутуучулар 2,3 төн студенттин киргизип, көбүнчө оозеки түрдө берилүүчү суроолорду берип жана ойлонууга убакыт берет. Бул учурда мугалим калаган суроону каалагандай ырааттуулукта бере берет. Ал лекциядагы жана башка сабактардын алкагындагы окуу материалын бирге алып карашат. Мугалим студентке материал жөнүндө өзүнүн билимин колдонуу үчүн стандарттуу эмес, изилденбеген ойлондуруучу суроолорду да берет. Семинардык сабактар жалпы курс боюнча темалар менен өтүлбөйт. Ал эми модулда студентти текшерүү максатында семинарларда өтүлбөгөн суроолор да болот.

Жазуу методдоруна токтолсок: студенттердин дил баян, доклад, реферат, курстук иштери, дипломдук иштер. Техникалык методдорго көзөмөлгө алуучу машиналар, техникалык жабдуулар кирет.

Көбүнчө модул бир нече этап менен өтөт. Биринчи модуль кайсы бир бөлүмдүн аягында семестрдин ортосунда өтөт. Экинчи жана үчүнчү модуль семестрдин аягында өтөт жана формасы боюнча зачетко жакындашат [9, 123-б.].

Негизинен жекеме-жеке аңгемелешүү студенттин билими жөнүндө көп маалымат берет. Модулду коллективдик же группалык формада өткөрүү чоң жыйынтыктарды берет. Анткени, ал материалды системалуу кайталоодо курстагы бөлүмдөр боюнча улам жаңы суроолордун пайда болушун камсыз кылат. Мунун негизинде дискуссиялар пайда болушу мүмкүн жана ага карата окутуучу жаңы тактоолорду, түшүндүрүүлөрдө берет.

Модуль — окуу планына жана сабактардын жадыбалына кирет. Модулду өткөрүү кафедра тарабынан пландашылат жана белгиленет. Кафндра изилдеп, жалпылаштырып жана аны окутуучу менен студенттин ортосундагы чыгармачыл иш катары модулга түзүлгөн суроолордон типтүүлөрөн топтойт. Алардын ичинен ийгиликтүү жаралган тапшырмаларды экзамендик билеттер менен да салыштырмалуу колдонсо болот. Ошентип, жалпы билим текшерүү жана көзөмөлгө алууну методдоруна төмөнкүлөр кирет: оозеки текшерүү, жазуу, графикалык, комплекстүү (практикалык), техникалык.

Оозеки методдорго: текшерүүчү аңгемелешүү, семинардык же практикалык сабакта студенттин сөзүнө анализ, аткарылган тапшырманы аларга түшүндүрүп берүүсү, аткарылган иш тууралуу оозеки отчет, педпрактиканын жыйынтыгы боюнча оозеки отчет, экскурсияга сапарлар жана башка студенттердин оозеки билдирүүлөрү эсептелет.

Жазуу методдоруна: студенттердин текшерүү иштери, дилбаян, доклад, реферат, курстук иштер, дипломдук иштер, макалалар жана билдирүүлөр кирет.

Графалык методдорго: чиймелер, сүрөттөр, таблицалар, курстук иштер дипломдук иштер кирет.

Техникалык методдорго: көзөмөлгө алуучу машиналар, техникалык жабдуулар кирет.

Комплекстүү методдор: болуп, устаканадагы иштер, өндүрүштү, талаада, клиникада, окуу учурунда, өндүрүштүк жана педагогикалык практикада, лабораториядагы иштер саналат. Ошентип, студенттердин билимин көзөмөлгө алуу жана аттестациялоо аларды окуу процессинде окутуу, тарбиялоонун жана жаш адисти калыптандыруунун бирден-бир жолу болуп саналат. Бирок, студенттердин билимин, ишенимин жана билгичтигин аттестациялоо жана текшерүүнүн метод, жолдору жөнөкөй көрүнгөнү менен педагогикалык процессте эң эле татаал болуп эсептелет. Ал эми мугалимдердин студенттерге болгон иш-аракети көп пландуу болуп саналат. Билимди текшерүүнүн жолу жана методикасы октуучу студент менен жекеме-жеке иш алып барганда гана педагогиклык жактан майнаптуу болот.

Билимди текшерүү жана көзөмөлгө алуу системасын ишке ашыруу изилдөөчүлөрдө кызыктырып келет жана алар тарабынан дискуссиялар жүргүзүлүүдө.

Семинар сабак — бул студенттин өз алдынча активдүүлүгүн өстүрүүсү үчүн окутуучу көп ыкмаларды туура уюштуруну билиши керек. Семинарга даярданууда студент өз алдынча көп иштерди аткарыш керек:

— тема менен таанышуу; семинарга даярдануу; планын түзүү; темасы боюнча адабияттар менен танышуу; семинардын суроолору боюнча план долбоор түзүү; түшүнбөгөн суроолорду жазуу; доклад рефераттарды жазуу:

Талкуулоо семинарда студенттердин өз алдынча ой жүгүртүүсүн өстүрүү зарыл. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруунун салттык жана интерактивдүү формалары бар. Салттык формалары реферат жазуу, доклад даярдоо, курустук жана дипломдук иштерди жазуу кирет. Интерактивдүү формага кластер түзүү, слайд жасоо, темотикалык крассворд чийүү, мазмундуу эссе жазып чыгуу жана башка ушу сыяктуу иштер кирет. Дагы бир студенттердин өз алдынчалыгын өстүрө турган ыкма бул курстук иш жана дипломдук иш.

Жогоруда аталган формалар өз таасиринин профессионал адистерди тарбиялоо проблемасын чечүүгө багытталуу менен чектелбестен, үзгүлтүксүз өз алдынча билим алууга жана ар бир студентин социалдаштыруу проблемасын чечүүгө багытталат. [7, 180,187-б,]

Адабияттар

1. Абасов З. Проектирование и организация самостоятельной работы студентов / З. Абасов. // Высшее образование в России.— 2007.— № 10.-С.81–84..

2.Педагогическая психология воспитания.— М., 1990.— 101 с.

3. Рахимова М. Р. Педагогика тарыхынын очерктери/ Рахимова М.Р, Панкова Т. В.— Б., 1997.— 387 б.

4. Педагогика /Под. Ред. Сластенина В. А.— М., 2000.— 512 с.

5. Рахимова М. Р., Абдыкеримова М. А., Курбанова Н. У. Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы / М. Р. Рахимова, М. А. Абдыкеримова, Н. У. Курбанова.— Б., 2003.— 212 б.

6. Бордовская Н., Реан А. Педагогика / Н. Бордовская, А. Реан.— СПб., 2009.— 304 с.

7.Исаев А. Педагогикалык кесипке киришүү / А. Исаев.— Б., 2010.— 119-б.

8. Раимкулова А. С., Акиева Г. С. Жогорку мектептин педагогикасы / А. С. Раимкулова, Г. С. Акиева. — Б., 2017.— 208-б.

9. Супатаева Э. А. Модернизация качества образования в Кыргызстане / Э. А. Супатаева // Вестник БГУ им. К. Карасаева.— 2016.— № 1 (35).— С. 212–215.